Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын математика Институту

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

01.22.647 Диссертациялык кеңеши

Кол жазманын укугунда
УДК 517.9

Алыбаев Анарбек Масалбекович

Вольтерранын биринчи түрдөгү туура эмес коюлган интегралдык теңдемелери пайда болгон тескери маселелерди регуляризациялоо

01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математикалык илимдердин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2023

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин академик А. А. Бөрүбаев атындагы алгебра, геометрия, топология жана жогорку математиканы окутуу кафедрасында аткарылган.

Илимий консультант: Омуров Таалайбек Дардайылович, физика-математикалык илимдердин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин математика жана информатика факультетинин математикалык анализ кафедрасынын профессору.

Расмий оппоненттер: Искандаров Самандар, физика-математикалык илимдердин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын математика институтунун интегро-дифференциалдык теңдемелер теориясы лабораториясынын башчысы.

Анар Турмаганбет кызы Асанова, физика-математикалык илимдердин доктору, профессор, математика жана математикалык моделирлөө институтунун башкы илимий кызматкери, Казахстан Республикасы, Алматы шаары.

Алымбаев Асангул Темиркулович, физика-математикалык илимдердин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин жаңы информациондук технологиялар институтунун колдонмо информатика кафедрасынын доценти.

Жетектөөчү мекеме: Л. Н. Гумилёв атындагы Евразиялык улуттук университеттин механика-математикалык факультетинин жогорку математиканы окутуу кафедрасы, Казакстан, Астана шаары, Мунайтпасова көчөсү, 5.

Диссертацияны коргоо Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын математика институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында физика-математика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 01.22.647 диссертациялык кеңешинин 2023-ж. 06 декабрында, саат 14:00дө, Кыргыз Республикасы, 720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265-а, 374-бөлмө дарегинде өтө турган отурумунда болот.

Коргоонун идентификатору – https://vc1.vak.kg/b/012-ltf-b7j-lgy

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265-а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547) китепканаларынан жана УАК тын www.vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын 05-ноябрында таркатылган.

Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы,
физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Шаршембиева Ф. К.

ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Математикалык физиканын (МФ) жалпы теориясында тескери маселелердин (ТМ) айрым класстары кездешет, мында чыгарлыштары өзгөчөлөнгөн функциялардын (ӨФ) классындагы Вольтерранын жана Фредгольмдун биринчи жана үчүнчү түрдөгү туура эмес коюлган интегралдык теңдемелери пайда болот (1-ВИТ, 3-ВИТ, 1-ФИТ, 3-ФИТ). Жалпысынан алганда, бул теңдемелердин теориясы али иштелип чыга элек болгондуктан, бул областка байланыштуу, ал тургай интегралдык теңдемелери (ИТ) менен көрсөтүлгөн тескери маселелердин областындагы изилдөөлөр актуалдуу.

Белгилеп кетелик, туура эмес коюлган маселелердин теориясынын негиздөөчүлөрү А.Н. Тихонов (1963), М.М. Лаврентьев (1962) жана В.К. Иванов (1963) эсептелишет. Бул авторлор тарабынан иштелип чыккан проблемалар башка илимпоздор тарабынан өнөктөрүлүп, илимдин түрдүү тармактарында колдонулуп келет. Анткени, жалпысынан алганда, көпчүлүк МФтин маселелери эквиваленттүү түрдө оператор теңдемелерине (ОТ) айландырылат, мисалы: $Au = f$, $u \in X$, $f \in F$

Мында A оператору ρ_X метрикасынын кээ бир X метрикалык мейкиндигинин кур эмес көптүгүндө аныкталган деп эсептелсе (жалпы учурда көрсөтүлгөн оператор сызыктуу эмес болушу мүмкүн), анда бул ОТны чечүү үчүн аналитикалык, регуляризациялоо, сандык-регуляризациялоо алгоритмдери менен байланыштуу ж.б. методдору колдонулат.

Диссертациянын темасын илимий мекемелер жүргүзгөн негизги илимий программалар, ири изилдөө долбоорлору менен байланыштыруу. Диссертациянын темасы боюнча изилдөөлөр Математика жана информатика факультетинин «Оператордук теңдемелер, бир калыптагы топология, компьютердик моделирлөө жана алардын колдонулушу» аттуу тематикасынын алкагында жүргүзүлгөн. Бул тематика Ж.Баласагын атындагы КУУнун Илимий-техникалык кеңешинин 2018-жылдын 30-майындагы №6 протоколу менен бекитилген.

Изилдөөнүн максаты жана маселелери. Изилдөөнүн максаты катарында чектелген жана чектелбеген областтардагы (ЧБО), тескери маселелердин регуляризацияланышынын жана чыгарылыштарынын жалгыздыгына байланыштуу суроолор каралат. Мында пайда болуучу туура эмес коюлган сызыктуу эмес 1-ВИТ интегралдоонун ар түрдүү пределдерине ээ жана чыгарылыштары Дирактын функциясы (ДФ) менен байланышкан.

Изилдөөнүн маселелерине чектелген областтагы (ЧО) коэффиценттик гиперболикалык типтеги оператордук, чектелбеген областтагы параболикалык мүнөздөгү жүктөлгөн оператордук ТМдер жана Кортевега - Де Фриза (КДФ) теңгемелери кирет, мында туура эмес коюлган сызыктуу эмес коюлган 1-ВИТ пайда болот, мисалы: $A\varphi \equiv \int_0^x K(x,s)\varphi^n(s)ds = f(x), (n=2;3)$ мындагы туура эмес коюлгандык түшүнүгү Вольтерранын интегралдык операторунун эркин функция $f(x)$ менен [0, T] кесиндисинин башталышында келишпегендиги менен түшүндүрүлөт, б.а. $f(0)\neq 0$, ал эми бул ИТнын чыгарылышы үзгүлтүксүз функциялардын классына таандык эместигин билгизет. Мында белгилүү функцияларга карата төмөнкү шарттар орундуу: $C(D) \ni K(x,s), (K(s,s)\geq 0, D=\{(x,s): 0\leq s\leq x\leq T\}), C^1[0,T]\ni f$, ошону менен бирге $\varphi(x)$ ДФ менен байланышкан терс эмес өзгөчө функция. Негизги изилдөө ыкмалары болуп төмөнкүлөр саналат: интегралдык өзгөртүүлөр ыкмасы, өзгөчөлөнгөн маанидеги регуляризациялоо ыкмасы, функционалдык жана математикалык анализдин элементтери.

Изилдөөлөрдүн илимий жаңылыгы. Төмөнкүдөй жыйынтыктар алынган:

- туура эмес коюлган сызыктуу эмес, интегралдоонун ар түрдүү пределдерине ээ болгон 1-ВИТ үчүн өзгөчөлөнгөн маанидеги атайын мейкиндикте регуляризациялоо методу иштелип чыккан;
- киргизилген мейкиндиктерде иштелип чыккан РМди модификациялоонун негизинде туура эмес коюлган сызыктуу эмес 1-ВИТтердин системасынын регуляризацияланышы далилденген;
- РМдин иштелип чыккан вариантына карата туура эмес коюлган, ар түрдүү интегралдоо пределдерине ээ болгон 1-ВИТ пайда болуучу гиперболикалык типтеги ТМ чыгарылган;
- туура эмес коюлган 1-ВИТти пайда кылуучу, чектелбеген областтагы параболикалык мүнөздөгү жүктөлгөн ТМ жана Картевега-Де Фриза түрүндөгү тендемелер үчүн иштелип чыккан регуляризациялоонун алгоритмдери колдонулган;

Теориялык жана практикалык баалуулугу. Иш негизинен теориялык мүнөздө болуп, анын натыйжалары чектелген жана чектелбеген областтарда өзгөчөлөнгөн мааниде тескери маселелерди регуляризациялоо теориясын толуктайт. Иштин натыйжалары геофизика, нымдуулукту алып жүрүү жана динамикалык өнүгүп жаткан системаларды моделдештирүү маселелерине колдонулат.

Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.

- сызыктуу эмес туура эмес коюлган 1-ВИТ системасын изилдөө үчүн чыгарылыштардын мейкиндиктерин тандоо жана регуляризациялоонун алгоритмдерин иштеп чыгуу;
- туура эмес коюлган, интегралдоонун ар кандай пределдерине ээ болгон 1-ВИТти пайда кылуучу гиперболалык типтеги теңдеме үчүн иштелип чыккан МРдин негизинде ТМдин регуляризацияланышын далилдөө;

- иштелип чыккан РМдин модификациясын эске алуу менен, туура эмес коюлган көп өлчөмдүү 1-ВИТти пайда кылуучу ТМдин регуляризацияланышын өзгөчө мааниде далилдөө;
- иштелип чыккан РМдин негизинде 1-ВИТтерди пайда кылуучу, чектелбеген областтагы параболикалык мүнөздөгү жүктөлгөн дифференциалдык операторлордуу жана Кортевега-Де Фриза түрүндөгү ТМдердин регуляризацияланышын далилдөө.

Изденүүчүнүн өздүк салымы. Диссертацияда изилденген 1-ВИТ жана ТМ боюнча берилген бардык илимий натыйжалар жана коргоого берилген жоболор диссертациянын автору тарабынан алынган.

Биргелешкен эмгектерде [2,3,6-10,12-15] проблемаларды түзүү илимий консультантка, иштин алкагындагы тыянактарды жана корутундуларды талкуулоо башка авторлошторго, ал эми эмгектердин бардык илимий корутундулары жана алардын далилдери диссертациянын авторуна таандык.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы. Диссертациялык эмгектин негизги жыйынтыктары түрдүү даражадагы илимий конференцияларда (ИК) жана семинарларда баяндалган жана талкууланган, мисалы:
- VI Congress of the Turkic World Mathematical Society, Astana-Kazakhstan, October 2-5, 2017;
- II эл аралык «Математикадагы асимптотикалык, топологиялык жана компьютердик методдор» -ЭИК, Бишкек, 2021-ж.;
- VII International TWMS Congress- 2023, September 20-23, Turkestan (Kazakhstan);
- 2023-ж. Ж. Баласагын ат. КУУнун «МжИ» факультетинин «Алгебра, геометрия, топология жана жогорку математиканы окутуу» кафедрасынын семинарында (жетекчиси – ф-м.и.д., проф. Канетов Б.К.).

Диссертациянын жыйынтыктарын макалаларда чагылдыруунун толуктугу.

КРдин, РКнын, РФтин, Украина жана Индиянын түрдүү журналдарында 16 эмгек жарыяланган. Алардын ичинен 1 монография [6], 12 илимий макала [1-5, 7-13], 3 тезис [14-16], анын ичинде 9 макала чет элдик басылмаларда [2-5, 9,10-13]. Аталган эмгектердин ичинен 5 эмгек жеке [1,4,5,11,16], ал эми 11 эмгек [2,3,6-10,12-15] биргелешип жазылган. Макалалар [1,7] КР РИНЦ дайындар базасына кирет, ал эми [2-5,9,10] макалалар РФ РИНЦ дайындар базасына кирет, [11-13] макалалар WOS дайындар базасына кирет.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Ушул эмгек киришүүдөн, 4 баптан, корутундудан жана 71 аталышты камтыган адабияттардын тизмесинен турат. Тексттин көлөмү 203 барак.

Диссертациянын негизги мазмуну

Эмгек 4 баптан турат. 1-бапта математикалык физиканын түз жана тескери маселелери боюнча иштердин жыйынтыктары берилип, алар диссертациялык эмгектин маселелерине кошулган, ошондой эле изилдене элек көйгөйлөр көрсөтүлгөн.

А) Тескери маселелер көбүнчө трансформацияланган системалардын чыгарылыштарынын туруксуздугунан туура эмес коюлгандыгы белгилүү. Аталган системалар түрдүү формаларга ээ: алгебралык, дифференциалдык, интегралдык ж.б. Мисалы, 1-ИТ системалары А.С. Апарциндин (1999), А. Асановдун (1998), И.М. Иманалиевдин (1981), М.М. Лаврентьевдин (1977), Н.А. Магницкийдин (1979), В.А. Морозовдун (1987), Ш.А. Наубетованын (1988), Т.Д. Омуровдун (2003), А. Саадабаевдин (2013), В.О. Сергеевдин (1971), Я. Яннонун (1987) ж.б. эмгектеринде кездешет. Анда бул теңдемелердин регуляризациялануусу белгилүү бир мейкиндикте күчтүү же алсыз жыйналуучулук менен далилденген.

Белгилүү болгондой, туура эмес коюлган 1-ВИТтердин айрым класстарын изилдөөдө пайда болгон кыйынчылыктар изилденген ИТ оператордук теңдеме катары кайра түзүлгөнүнөн турат. Маселен, А.Н.Тихоновдун эмгеги боюнча кыскача мисал келтиребиз (1974, кош автору: В.Я. Арсенин):

$$Au = f\ , \tag{1.1.1}$$

мында $u \in X,\ f \in F;\ X, F -$ метрикалык мейкиндиктер, өзүнүн бүтүндөй $AX \subset F$, аныкталган областында берилген A^{-1} тескери оператору үзгүлтүксүз болуп саналбайт. Демек, туура эмес коюлган теңдемелерде $u_\delta = A^{-1} f_\delta$, элементи болсо дагы ал болжолдуу чечим болуп эсептелбейт, анткени u_δ δ кичине болгондо u. так чыгарылышынан каалагандай түрдө алысташы мүмкүн.

Ушул сыяктуу кемчиликтер бул жааттагы окумуштуулардын башка эмгектеринде дагы көрсөтүлгөнүн белгилей кетели. Мисалы, акад. М.И. Иманалиевдин (1981) туура эмес коюлган сызыктуу эмес 1-ВИТ сингулярдуу өзгөчө функциялар (СӨФ) классында чыгарылган изилдөө эмгегинде, эч кандай сызыктуу эмес функцияны табигый түрдө СӨФ мейкиндигинде аныктоого болбой турганы белгиленген. Бул δ – функциясын эске алган метод туура эмес коюлган сызыктуу эмес 1-ВИТ үчүн түз мааниде колдонулбай турганын билдирет.

Буга мисал катары 1-ВИТ берилет:

$$\int_0^t K(t,s,y(s))ds = f(t) \tag{1.1.2}$$

а) $C^{1,0,1}(D) \ni K(t,s,y); K_y(t,t,y) \geq \lambda > 0, (D = [0,T]\times[0,T]\times R),$

б) $C^1[0,T] \ni f(t); f(0) \neq 0,$ шарттары менен: мында параметрленген ИТ чыгарылышы:

$$\int_0^t K(t,s,y_\varepsilon(s))ds = f\left(t\right) - e^{-\frac{1}{\varepsilon}t} f(0), \tag{1.1.3}$$

келип чыккан интегралдык тендеменин чыгарылышына бир аз окшоосу мүмкүн (тагыраак айтканда $L^1(0,T)$ маанисинде), мында бош мүчө кесиндинин башында интегралдык мүчө менен шайкеш келет. Бирок анын келип чыккан чыгарылышын ИТ (1.1.2)нин чыгарылышы катары кароого болбойт. Мына ошону көрсөтүү керек болчу.

Эгерде (1.1.2) ВИТинде (б) шарты менен өзөк диоганалда нолго барабар болсо, анда (1.1.3) алгоритмин колдонууга болбойт. Ошондуктан, Т.Д. Омуровдун (2003) эмгегинде маселени чыгаруу үчүн аталган шарттарды эске алуу менен $L^2[0,T]$нын бардык элементтерин жана кесиндинин башына топтолгон СӨФ: $z(t)$ны камтыган $Z^2(0,T)$мейкиндиги иштелип чыккан. Муну менен бирге сунуш кылынган РМ төмөнкү өзгөчө функцияны эске алат:

$$\Omega_\varepsilon(t) = \frac{1}{\varepsilon} f(0) e^{-\frac{1}{\varepsilon}\varphi(t)} \xrightarrow[\varepsilon \to 0]{} \begin{cases} 0, t \neq 0, \\ \infty, t = 0, \end{cases} \quad (1.1.6)$$

ал $Z^2(0,T)$, мейкиндигинде чектелген, качан

$$(\varphi(t))^{-\beta} \in L^1(0,T), (2 < \beta; \varphi(t) = \int_0^t h(s)ds, 0 < h(t) \in L^1(0,T)) \quad (1.1.7)$$

Мында $L^2[0,T]$ - $u(t)$ квадраттуу интегралдануучу функциялардын Гильберт мейкиндиги. Ал $[0,T]$да төмөнкүдөй норма менен аныкталган: $\| u(t) \|_{L^2} = (\int_0^T | u(t) |^2 \, dt)^{\frac{1}{2}}$. Бул учурда (1.1.2) жана (1.1.3) (а,б) шарттары менен көрсөтүлгөн окшош фактылар бар. Бул фактылар $L^1(0,T)$ маанисинде гана эмес, ал эми $Z^2(0,T)$.да дагы жалпыланган.

1-ВИТ жаатында А. Асановдун (1998) дагы эмгегин белгилей кетүү керек. Бирок жогоруда көрсөтүлгөн эмгектерден айырмаланып, мында регуляризациялуулук күчтүү жана алсыз жыйналуучулук мейкиндиктеринде, изилденүүчү функция кесиндинин башында аныкталганда, параметрленген жана баштапкы ИТ (1.1.2)нин чыгарылыштарынын жакындыгын тургузуу аркылуу далилденген. 1-ВИТтин регуляризацияланышы өзгөчө мааниде (б) шарты менен бул эмгекте каралган эмес.

А.С. Апарциндин эмгегинде (1999) интегралдоонун классикалык эмес пределдерине ээ ИТ изилденген, мисалы 1-ИТ үчүн:

$$\int_{a(x)}^{b(x)} K(x,s)\varphi(s)ds = f(x), x \in [x_0, T], \varphi(x) = \varphi^0(x), x \in [a(x_0), b(x_0)] \quad (1.1.11)$$

кубатуранын өзүн өзү регуляризациялоочу методдорунун (ӨРМ) тууралыгы жана аларды түзүү маселелери баштапкы дайындардын бузулушун ж.б. эске алуу менен каралган.

Аталган ИТда (1.1.11) $f(x)$ функциясы менен шайкеш келүү болбосо, анда (1.1.11) туура эмес коюлган 1-ВИТ болуп санала турганы белгилүү. Мындан тышкары, (1.1.11) тибиндеги 1-ВИТ жаатындагы көйгөйлүү маселелер өзөк төмөнкүдөй абалда болгон учурда пайда болот:

$$K(x,s) \in C\ (D) \cap Lip(x | L_K), 0 \leq K(x,x) \in C[0,T], \quad (1.1.12)$$

ал эми эркин функция (б) шартына жол берет. Жада калса (1.1.12) шартына ээ классикалык 1-ВИТ дээрлик изилденбегенин билебиз.

Б) 1-ИТ келип чыккан көптөгөн колдонмо тескери маселелер бар экендигин жогоруда белгиледик. Мисалы Ю.Е. Аниконовдун (1978), А.Л. Бухгеймдин 1983), П.Р. Вабищевичтин (1981), А.М. Денисовдун (1980), В.И. Дмитриевдин (1987), С.И. Кабанихиндин (2009), М.М. Лаврентьевдин (1969, кош авторлор: В.Г. Васильев, В.Г. Романов), Т. Тобиостун (1984) ж.б. эмгектери. Бирок, биздин учурда 1-ВИТ СӨФ классындагы чыгарылыштар менен келип чыккан тескери маселелер боюнча кыскача серепти беребиз. Анткени РМди бул маселелерге колдонгон учурда жогоруда аталган кемчиликтер пайда болот (А п. кара). Мисалы, Т.Д. Омуровдун жана Т.Т. Каракеевдин (2006) эмгектеринде тескери маселени изилдөөдө СӨФ классындагы атайын өзөктөрү жана чыгарылыштары бар туура эмес коюлган 1-ВИТ (жана 3-ВИТ) пайда болот. Регуляризациялоо $Z^p(0,T)$да (1.1.6) түрдөгү $\Omega_\varepsilon(t)$ өзгөчө функциясы менен төмөнкү шартта каралат:

$$(\varphi(t))^{-\beta} \in L^1(0,T),\, p<\beta, \tag{1.1.15}$$

муну менен бирге $Z^p(0,T)$ - бардык $L^p[0,T]$ны ошондой эле $[0,T]$ кесиндисинин башына топтолгон СӨФ ж.б. камтыган мейкиндик.

В.И. Дмитриевдин (1987) эмгегинде геофизиканын электромагниттик методдорунда магнитотеллуриялык зонддоонун (МТЗ) тескери маселелери изилденгени белгилүү:

$$\begin{cases} u''(z)+iw\mu_0\sigma(z)u(z)=0, \quad z\in(0,H), \\ u(z=0)=1, \quad u'(z=H)-i\sqrt{iw\mu_0\sigma_H}\,u(z=H)=0, \end{cases} \tag{1}$$

$$Y(w)=\frac{H_y(z=0)}{E_x(z=0)}=\frac{1}{E_x(z=0)}\left(-\frac{i}{w\mu_0}\frac{\partial E_x}{\partial z}\right)_{z=0}, \tag{2}$$

мында $Y(\omega)$(2) – электромагниттик талаанын адмитансы (өткөргүчтүк), муну менен бирге вектор функция: $P=(u,\sigma)$ белгисиз болуп саналат (биринчи функция Жердеги салыштырмалуу электрдик аянтча (ЭА), ал эми экинчи функция электроөткөргүчтүктү бөлүштүрүү), бирок негизинен изилденген тескери маселе туруксуз.

Чындыгында, жогоруда баяндалган белгилүү адмитанс боюнча интегралдык өткөргүчтүк (ИӨ) бир мааниде жана туруктуу аныкталат:

$$S(z)=\int_0^z \sigma(s)ds,\, z\in[0,H], \tag{1.1.16}$$

жана бул шартта: $\|Y_1(w)-Y_2(w)\|_{L^2}\to 0$, бул келип чыгат: $\|S_1(z)-S_2(z)\|_C\to 0.$ Бирок, тиешелүү $\sigma_1(z),\sigma_2(z)$ чыгарылышы туруксуз болгон 1-ВИТтен аныкталат. Бул эң жакын $S_1(z),S_2(z)$ абдан күчтүү айырмаланган $\sigma_1(z)$ жана $\sigma_2(z)$терге шайкеш келиштери мүмкүн ((1.1.1) корутундусун кара).

Бул тескери маселени изилдөөдө, айрым бөлүштүрүүлөр табылганы айтылган корутундулар кызыктуу: $\hat\sigma(z)\in\sum_\delta$, бирок $\hat\sigma(z)$ электроөткөргүчтүк чыныгы бөлүштүрүүдөн абдан айырмаланышы мүмкүн, муну менен бирге, эгер ИӨнү эсептесек:

$$\tilde{S}(z)=\int_{0}^{z}\hat{\sigma}(s)ds, \qquad (1.1.18)$$

ал эми $S(z)$ (1.1.16) эрежеси боюнча туруктуу аныкталгандыктан,

$$\left\|\tilde{S}(z)-\int_{0}^{z}\sigma(s)ds\right\|_{L^2}\le\varepsilon(\delta),\delta\in\sum\nolimits_{\delta}. \qquad (1.1.19)$$

$\hat{\sigma}(z)\in\sum_{\delta}$ аныктамасы туруктуу методду колдонууну талап кылбайт, анткени ал болжолдуу $\tilde{S}(z),$ ти алуу үчүн арадагы жыйынтык болуп саналат. Болбосо аталган мейкиндикте (1.1.19) барабарсыздыгы аткарылган $\hat{\sigma}(z),\sigma(z)$ жакындыгын көрсөтө албайбыз.

Жыйынтыгында электроөткөргүчтүн болжолдуу бөлүштүрүүсү Тихоновдун стандарттык схемасы боюнча минимизация маселесинен эсептеп чыгарылат:

$$\tilde{\sigma}=\left\{\sigma_{\alpha}:\inf_{\sigma}\left[\left\|\ \tilde{S}(z)-\int_{0}^{z}\sigma(s)ds\ \right\|_{L^2}^{2}+\alpha\left\|q(z)(\sigma(z)-\sigma^{0}(z))\right\|_{L^2}^{2}\ \right]\right\}$$

α регуляризациясынын параметрин тандоо менен, айырмачылык принцибине ылайык, априордук дайындар боюнча түзүлгөн $\sigma^{0}(z)-$электроөткөргүчтүктү гипотетикалык бөлүштүрүү, $(0<q(z)<1)$ түрдүү тереңдиктеги $q(z)>0$ априордук маалыматтын тактыгын эске алат.

Биздин абалда, каралган тескери маселелерде Дирактын функциясы менен байланышкан чечимдерге ээ, туура эмес коюлган 1-**ВИТ** келип чыккандыктан аталган маселеден абдан айырмаланат. Ошондуктан бул ВИТтердин $Z^{2}(0,T)$ дагы регуляризациялуулугу (1.1.19) шарты менен өзгөчө мааниде түшүнүлөт, болгону L^2 ордуна $Z^{2}(0,T)$ болот (же $Z^{3}(0,T),(p=3)$), мында (1.1.7) жана (1.1.15) шарттары эске алынбайт ж.б.

В) Жогоруда белгиленгендей, изилденген 1-ВИТ жана тескери маселелердин чыгарылыштары СӨФ менен байланышкандыктан, ӨФ боюнча кыскача сереп беребиз. Аныктамага ылайык (В.С. Владимировдун (1976) жана А.Р. Колмогоровдун (1976, кош автору: С.В. Фомин) жалпысынан ӨФ катары негизги функциялар мейкиндигиндеги ар-кандай сызыктуу үзгүлтүксүз функционал аталат. Бирок СӨФтү бир дагы локалдык интегралданоочу функция менен аныктоого болбойт, анткени:

$$<f,\varphi>=\int f(x)\varphi(x)dx,\varphi\in D \qquad (1.2.6)$$

эрежеси боюнча Rде локалдуу интегралданган ӨФ регулярдуу ӨФ деп аталат. Мында бул функционал D мейкиндигинде сызыктуу жана үзгүлтүксүз. D- негизги функциялардын мейкиндиги.

СӨФтүн классикалык мисалы болуп $\delta-$Дирактын функциясы эсептелгени белгилүү (ДФ), б.а.: $\delta(x)=\begin{cases}\infty, x=0,\\ 0, x\neq 0,\end{cases}$

бирок, функционал катары аныкталат жана $\varphi(x)\in D,$ функциясына төмөнкү эреже боюнча таасир этет: $<\delta,\varphi>=\varphi(0),$ (1.2.8)

$\delta \in D_0'$ $-$СӨФ мейкиндиги, анткени мында регулярдуу ӨФ камтылбайт, муну менен бирге (1.2.8) функционалынын сызыктуулугу жана үзгүлтүксүздүгү белгилүү.

Ошондуктан D_0' ӨФтүн жалпы мейкиндигинен айырмаланат, ал символикалуу D' түрүндө белгиленет – бул бардык ӨФтүн (регулярдуу жана сингулярдуу) сызыктуу мейкиндиги. Мында D' теги жыйналуучулук функционалдардын удаалаштыгынын алсыз жыйналуучулугу катары каралат, б.а. D' теги ӨФ удаалаштыгы $\{f_n\}_1^{\infty}$ ӨФкө жыйналат, $f \in D'$, эгерде каалаган $\varphi \in D$ үчүн:

$$< f_n, \varphi > \xrightarrow[n\to\infty]{} < f, \varphi > . \tag{1.2.9}$$

Бул учурда символикалык үлгүдө дагы жаза алабыз: $n \to \infty$ кезде $f_n \xrightarrow{D'} f$ муну алсыз жыйналуучулук деп аташат.

Эскертүү 1.2.2. Кээде $f_n \in D'$ удаалаштыгынын ордуна $\{f_\varepsilon\}$ функционалдар тобу каралат, $\varepsilon -$ кичине параметр. Бул учурда $f_\varepsilon \xrightarrow{D'} f$ формуласы $\varepsilon \to +0$ кезде төмөнкүнү билдирет:

$$\lim_{\varepsilon\to+0} < f_\varepsilon, \varphi > \xrightarrow[n\to\infty]{} < f, \varphi >, \ \forall \varphi \in D. \tag{1.2.10}$$

Көбүнчө: $f_\varepsilon \xrightarrow[\varepsilon\to+0]{} \delta$ жазуусу $\varepsilon \to +0$ кезде төмөнкүнү билдирет:

$$\lim_{\varepsilon\to+0} < f_\varepsilon, \varphi > \xrightarrow[n\to\infty]{} < \delta, \varphi >= \varphi(0), \ \forall \varphi \in D. \tag{1.2.11}$$

Г) Жогоруда белгиленгендей, бул ИТ келип чыккан, изилденген 1-ВИТ жана тескери маселелердин чыгарылышы СӨФ менен байланыштуу болсо, анда аталган ИТга карата атайын мейкиндиктер киргизилген, мисалы: $Z^p(0,T)$ (А жана Б п. кара). Ошондуктан, 1.2 параграфында (1-бап) ушул эмгекке байланышкан мейкиндиктер боюнча айрым түшүнүктөр кыскача формада келтирилген.

Топологиялык мейкиндиктер жана алардын касиеттери түшүнүгү А.А. Борубаевдин (1990), В.С. Владимировдун (1976), А.Н. Колмогоровдун жана С.В. Фоминдин (1976), В.А. Треногиндин (1980), Х.Л. Массердин (1970, кош автору: Х.Х. Шеффер) жана жогоруда аталган параграфта белгиленген башкалардын эмгектеринде так берилген.

2-бап киришүү мүнөзүнө ээ, анткени туура эмес коюлган 1-ВИТ келип чыккан тескери маселелер боюнча иштерди изилдөө үчүн алгач киргизилген мейкиндиктерде аталган ИТтердин регуляризацияланышын далилдөө үчүн РМди иштеп чыгуу зарыл.

Ошондуктан, 2-бапта белгилүү өзөккө ээ ДФ менен байланышкан чыныгы (терс эмес) чыгарылыштары бар туура эмес коюлган сызыктуу эмес 1-ВИТ изилденет, мисалы 2.1-параграфта төмөнкү ВИТ каралат:

$$H\theta \equiv \int_0^x K(x,\tau)\theta^2(\tau)d\tau = F(x), \tag{2.1.1}$$

мында белгилүү функциялар төмөнкү шарттарга жол берет:

$$\begin{cases} K(x,\tau)\in C(D_0)\cap Lip(x|L_K); K(.)\geq 0; K(0,0)\neq 0, |K(.)|\leq C_{01}, \\ D_0=\{(x,\tau): 0\leq\tau\leq x\leq X\}; C[0,X]\ni F(x)\cap Lip(x|L_F), \\ |F(x)|\leq C_{02}; F(x)\geq\alpha>0, \forall x\in[0,X], (0<L_K, L_F=const). \end{cases} \quad (2.1.2)$$

Ошондо бул ИТтин регуляризацияланышы жана чыгарылышынын жалгыздыгы $Z^2(0,X)$ те далилденет ((1.1.7) эске алынбастан).

Эскертүү. Эгер функция: $K(x,\tau)\equiv 1, F(x)\equiv 1,$ анда $\theta=(\delta(x))^{\frac{1}{2}}$, б.а., бул эмгекте ДФ менен байланыштуулук сөз айкашы ушул мааниде түшүнүлөт.

§2.1.1. 1-ВИТте регуляризациялоочу алгоритмдер. (2.1.2) шарттарында (2.1.1)дин регуляризацияланышын далилдөө үчүн, биринчи берилген функциялардын негизинде айрым математикалык өзгөртүп туюнтууларды келтиребиз, тагыраак айтканда лемма далилденет:

Лемма 2.1.1. (2.1.2) шарттарында берилген дайындар боюнча төмөнкү функциялар бар: $h(x), h_0(x), \phi_0(x), F_0(x)$, булар төмөнкүдөй шарттар менен аныкталат:

$$\begin{cases} h(x)\equiv[\gamma+\dfrac{1}{\alpha}\lambda(x)]F(x)\geq m>0, (1<\gamma=const), \\ h_0(x)\equiv\gamma+\dfrac{1}{\alpha}\lambda(x); 0\leq\lambda(x)\in L^1(0,X), \\ \phi_0(x)=\int\limits_0^x [\gamma+\dfrac{1}{\alpha}\lambda(\tau)]F(\tau)d\tau=\int\limits_0^x h(\tau)d\tau, \\ F_0(x)\equiv F(x)-F(0), F_0(0)=0, \\ h_0(x)\leq\alpha^{-1}h(x); 0<\max C_{0j}=C_0, (j=1,2), \\ |F_0(x)-F_0(\tau)|\leq L_{F_0}M_0(\phi_0(x)-\phi_0(\tau)), (\tau\leq x;\gamma>1; M_0=(\gamma\alpha)^{-1}), \\ x\in[0,X]:\ \ x=(x^{\frac{2}{7}})^{\frac{7}{2}}\leq(\phi_0(x))^{\frac{7}{2}}, (\lambda(x)=\dfrac{2}{7\sqrt[7]{x^5}}), \\ x\leq M_1(\phi_0(x))^2, (M_1=\sup\limits_{[0,X]}(\phi_0(x))^{\frac{3}{2}}). \end{cases} \quad (2.1.3)$$

Андан ары, (2.1.2),(2.1.3) шарттарынын жана Вольтерранын операторунун алкагында, б.а.:

$$<h,\theta>_{[0,x]}=\int\limits_0^x h(\tau)\theta(\tau)d\tau \quad (*)$$

1-ВИТ (2.1.1) төмөнкүдөй түргө эквиваленттүү өзгөртүлүп туюнтулат:

$$\begin{cases} \int\limits_0^x h(\tau)\theta(\tau)d\tau=(Q\theta)(x)+F(x), \\ Q\theta\equiv\int\limits_0^x h_0(\tau)\theta(\tau)(H\theta)(\tau)d\tau-(H\theta)(x). \end{cases} \quad (2.1.4)$$

Андан ары кичине параметр ε менен теңдемени карап көрөбүз , б.а.:

$$\begin{cases}\varepsilon\theta_\varepsilon(x)+(\Phi\theta_\varepsilon)(x)=F_\varepsilon(x),\\ (\Phi\theta_\varepsilon)(x)\equiv\int\limits_0^x h(\tau)\theta_\varepsilon(\tau)d\tau-(Q\theta_\varepsilon)(x),\end{cases}\tag{2.1.5}$$

төмөнкүдөй шарт менен

$$\begin{cases}\theta_\varepsilon(0)=\dfrac{1}{\varepsilon}F(0),\\ C[0,X]\ni F_\varepsilon(x):\|F_\varepsilon(x)-F(x)\|_C\le\Delta_0(\varepsilon),(F_\varepsilon(0)=F(0)).\end{cases}\tag{2.1.6}$$

Бул ИТтин чыгарылышын төмөнкү эреже боюнча издейбиз:

$$\begin{cases}\theta_\varepsilon(x)=\dfrac{1}{\varepsilon}\Pi_\varepsilon(x)+\upsilon(x)+\xi_\varepsilon(x),\\ \Pi_\varepsilon(0)=F(0),\upsilon(0)=0,\xi_\varepsilon(0)=0,\end{cases}\tag{2.1.7}$$

бирок, белгисиз функцияларга салыштырмалуу төмөнкүлөр орун алат:

$$\Pi_\varepsilon(x)=-\frac{1}{\varepsilon}\int\limits_0^x h(\tau)\Pi_\varepsilon(\tau)d\tau+F(0)\,,\tag{2.1.8}$$

$$\int\limits_0^x h(\tau)\upsilon(\tau)d\tau=(Q\upsilon)(x)+F_0(x),\tag{2.1.9}$$

$$\varepsilon\xi_\varepsilon+\int\limits_0^x h(\tau)\xi_\varepsilon(\tau)\,d\tau=(Q[\frac{1}{\varepsilon}\Pi_\varepsilon+\upsilon+\xi_\varepsilon])(x)-(Q\upsilon)(x)+F_\varepsilon(x)-F(x)-\varepsilon\upsilon(x),\tag{2.1.10}$$

мында: а) $\Pi_\varepsilon(x)$ - (2.1.8)тин чыгарылышы болуп саналат, ал (2.1.7) камтылган $\Omega_\varepsilon(x)$ өзгөчө функциясын аныктайт, б.а.:

$$\begin{cases}\Omega_\varepsilon(x)=\dfrac{1}{\varepsilon}\Pi_\varepsilon(x),\\ |\Omega_\varepsilon(x)|\xrightarrow[\varepsilon\to0]{}\begin{cases}0,x\ne0,\\ \infty,x=0;\end{cases}\end{cases}\tag{2.1.11}$$

б) $\upsilon(x)$ - көрүнүшү өзгөртүлгөн, (2.1.9) теңдемесинин чыгарылышы;
в) бул ажыратууда $\xi_\varepsilon(x)$ калдык мүчөнүн ролун аткарат.

Чындыгында, (а) абалында (2.1.8)тен

$$\begin{cases}\Pi_\varepsilon(x)=F(0)\exp(-\dfrac{1}{\varepsilon}\phi_0(x)),\\ |\Pi_\varepsilon(x)|\le C_{02}\exp(-\dfrac{1}{\varepsilon}\phi_0(x))\le C_0\exp(-\dfrac{1}{\varepsilon}\phi_0(x)),\end{cases}\tag{2.1.12}$$

анткени $(-\varepsilon^{-1}h(\tau))$ өзөгү үчүн төмөнкү револьвента бар:

$$R(x,\tau,\varepsilon)\equiv-\frac{1}{\varepsilon}h(\tau)\exp(-\frac{1}{\varepsilon}\int\limits_\tau^x h(s)ds),(\tau\le x)\,.\tag{**}$$

Буга ылайык, чындыгында ИТ (2.1.8) (2.1.12) ге өзгөртүп туюнтулат, мында ошол жерде эле көрсөтүлгөн баалоого жол берилет, ошондуктан (2.1.11) ди алабыз.

Демек, (2.1.12)нин негизинде төмөнкү түрдөгү лемманы карайбыз:

Лемма 2.1.2. лемманын 2.1.1 шарттарында (2.1.11) жана (2.1.12)ден төмөнкү баалоо чыгат:

$$\begin{cases} \|\Pi_\varepsilon\|_{Z^2(0,X)} \le \gamma_1 \varepsilon^{\frac{7}{4}}, (\gamma_1 = C_0 2^{-\frac{7}{2}}[7^{\frac{7}{2}} e^{-\frac{7}{2}} + \frac{105}{16}\sqrt{\pi}]^{\frac{1}{2}}), \\ \|\Omega_\varepsilon(x)\|_{Z^2(0,X)} \le \gamma_1 \varepsilon^{\frac{3}{4}}. \end{cases}$$

Далилдөө. Чындыгында, (2.1.12) баалоосунан төмөнкүнү алабыз

$$\begin{cases} \int_0^x |\Pi_\varepsilon(\tau)|^2 d\tau \le C_0^2 \int_0^x \exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))d\tau = C_0^2[\tau \exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))\Big|_0^x + \\ +\int_0^x \tau \exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))d(\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))] = C_0^2[x\exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(x)) + \int_0^x 2^{-\frac{7}{2}}\varepsilon^{\frac{7}{2}}(\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))^{\frac{7}{2}} \times \end{cases}$$

$$\begin{cases} |\times \exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))d(\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(\tau))] \le C_0^2 2^{-\frac{7}{2}}\varepsilon^{\frac{7}{2}}[(\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(x))^{\frac{7}{2}}\exp(-\frac{2}{\varepsilon}\phi_0(x)) + \int_0^\infty e^{-\rho}\rho^{\frac{7}{2}}d\rho] \le \\ \le C_0^2 2^{-\frac{7}{2}}\varepsilon^{\frac{7}{2}}[(2^{-1}7)^{\frac{7}{2}}e^{-\frac{7}{2}} + 2^{-4}105\sqrt{\pi}] = C_0^2 2^{-7}\varepsilon^{\frac{7}{2}}[7^{\frac{7}{2}}e^{-\frac{7}{2}} + 2^{-4}105\sqrt{\pi}], \\ \rho \equiv \varepsilon^{-1}\phi_0(x); \chi(\rho) \equiv \rho^k \exp(-\rho); \sup_{\rho\ge 0}\chi(\rho) = k^k \exp(-k), (k = 1, 2, 2^{-1}7), \\ \rho = 0 : \chi(0) = 0; \rho \to \infty : \chi \to 0, \end{cases}$$

же $Z^2(0,X)$ норма маанисинен төмөнкү келип чыгат:

$$\| \Pi_\varepsilon \|_{Z^2(0,X)} \le C_0 2^{-\frac{7}{2}}\varepsilon^{\frac{7}{4}}[7^{\frac{7}{2}}e^{-\frac{7}{2}} + \frac{105}{16}\sqrt{\pi}]^{\frac{1}{2}} = \gamma_1\varepsilon^{\frac{7}{4}}.$$

Ошондуктан $\|\Omega_\varepsilon(x)\|_{Z^2(0,X)} = \frac{1}{\varepsilon}\|\Pi_\varepsilon\|_{Z^2(0,X)} \le \frac{1}{\varepsilon}\gamma_1\varepsilon^{\frac{7}{4}} = \gamma_1\varepsilon^{\frac{3}{4}}$. Ушуну далилдөө керек болчу.

Ал эми (б,в) шарттарында төмөнкү лемма келип чыгат:

Лемма 2.1.3. Жол берилген шарттардын алкагында:

1) $\upsilon(x)$ функциясы ИТ (2.1.9) чыгарылышы болуп саналат жана параметрленген ИТнын:

$$\delta\upsilon_\delta(x) + \int_0^x h(\tau)\upsilon_\delta(\tau)d\tau = (Q\upsilon_\delta)(x) + F_0(x), \tag{2.1.13}$$

$C[0,X]$те предели болуп саналат жана бир мааниде аныкталат.

2) ξ_ε функциясы $C[0,X]$те бир мааниде аныкталган, муну менен бирге $\varepsilon \to 0$ бардык $x \in [0,X]$ үчүн бир калыпта нөлгө жыйналат.

Корутундулар:

А) Эгерде 2.1.2; 2.1.3 леммаларынын шарттары аткарылса, анда ИТ (2.1.5)тин чыгарылышы жалгыз (2.1.7) түрүндө гана берилет, муну менен бирге $\forall x \in (0, X]$те (2.1.5) теңдемесинин чыгарылышы *ε→0* (2.1.9) теңдемесинин чыгарылышына жыйналат (бир калыптагы эмес жыйналуучулук), төмөнкүдөй баалоо менен:

$$\begin{cases} |\theta_\varepsilon - \upsilon| \le \Delta_2(\varepsilon) + \frac{1}{\varepsilon}|\Pi_\varepsilon(x)| \le \Delta_2(\varepsilon) + \frac{1}{\varepsilon}C_0 \exp(-\frac{1}{\varepsilon}\phi_0(x)), \\ |\Pi_\varepsilon(x)| \le C_0 \exp(-\frac{1}{\varepsilon}\phi_0(x)), \\ |\Omega_\varepsilon(x)| \le \frac{1}{\varepsilon}C_0 \exp(-\frac{1}{\varepsilon}\phi_0(x)). \end{cases} \tag{2.1.24}$$

Б) Ошону менен бирге, (2.1.7), (2.1.11)лердин негизинде келип чыгат:

$x = 0 : \theta_\varepsilon(0) = \varepsilon^{-1}F(0).$

§2.1.2. $Z^2(0,X)$ те **1-ВИТти регуляризациялоо.** Бул пунктта төмөнкүлөр далилденет:

Теорема 2.1.1. 2.1.1-2.1.3 леммаларынын шарттары аткарылсын жана (2.1.24) орун алсын. Анда келип чыгат:

$$1)\begin{cases}\|\Pi_\varepsilon\|_{Z^2(0,X)} \le \gamma_1\varepsilon^{\frac{7}{4}}, (\gamma_1 = C_0 2^{-\frac{7}{2}}[7^{\frac{7}{2}}e^{-\frac{7}{2}} + \frac{105}{16}\sqrt{\pi}]^{\frac{1}{2}}),\\ \|\Omega\|_{Z^2(0,X)} = \frac{1}{\varepsilon}\|\Pi_\varepsilon\|_{Z^2(0,X)} \le \gamma_1\varepsilon^{\frac{3}{4}},\end{cases} \qquad (2.1.25)$$

$$2)\ \|\theta_\varepsilon - \upsilon\|_{Z^2(0,X)} \le 2[\Delta_2(\varepsilon)\sqrt{X} + \gamma_1\varepsilon^{\frac{3}{4}}] = \tilde{M}_0(\varepsilon), \qquad (2.1.26)$$

$$\|\theta_\varepsilon\|_{Z^2(0,X)} \le r_* = const, \qquad (2.1.27)$$

$$3)\left\|(\Phi\theta_\varepsilon)(x) - F(x)\right\|_{Z^2(0,X)} \le \tilde{M}(\varepsilon), \left(\tilde{M}_0(\varepsilon), \tilde{M}(\varepsilon) \to 0, \quad \varepsilon \to 0\right). \qquad (2.1.28)$$

2.1.1; 2.1.2 пункттарынан алынган жыйынтыктардан алабыз:

Ырастама 2.1.2. 2.1.1 теоремасынын шарттарында 1-ВИТ (2.1.1) $Z^2(0,X)$ те (2.1.5) эрежеси боюнча өзгөчө мааниде регуляризацияланат.

2.2-параграфта 1-ВИТ сызыктуу эмес туура эмес коюлган системасы вектордук-матрица формасында изилденет:

$$H\theta \equiv \int_0^x\int_0^y K(x,y,\tau,\nu)\theta^2(\tau,\nu)d\nu d\tau = F(x,y) \qquad (2.2.1)$$

төмөнкү шарт менен

$$\begin{cases}K(x,y,\tau,\nu) \in C_{n\times n}(D_0) \cap Lip(x|L_K); K(.) \ge 0; \|K(.)\| \le C_{01},\\ K(0,y,0,y) \ne 0, \forall y \in [0,b], (D_0 = [0,X]\times[0,b]\times\{0 \le \tau \le x \le X, 0 \le \nu \le y \le b\}),\\ (x,y) \in \bar{D}_1, (D_1 = (0,X)\times(0,b)); F(x,y) \in C_n^{0,1}(\bar{D}_1) \cap Lip(x|L_F); F(0,y) \ne 0,\\ F(x,0) = 0; F(x,y) > 0, \forall x \in [0,X], y \in (0,b]; \ \|F(x,y)\| \le C_{02}, \forall (x,y) \in \bar{D}_1,\end{cases} \qquad (2.2.2)$$

F, K - белгилүү дайындар, б.а. n – өлчөмдүү вектордук функция (мамыча), ага ылайык $n\times n$ -матрицалык функция. Муну менен бирге, $Z_n^2(D_1)$, мейкиндигинен θ– белгисиз, чыгарылыштары терс эмес n- өлчөмдүү вектордук функция, б.а. $L^2(\bar{D}_1)$ бардык элементтерин, ошондой эле x аргументи боюнча ДФ менен байланышкан $z(x,y)$ чыгарылыштары терс эмес элементтерин камтыган $Z^2(D_1)$ де компоненттерге ээ бардык n –өлчөмдүү вектор-функциялар.

$Z_n^2(D_1)$ де өзгөчө мааниде (2.2.1) системасынын регуляризацияланышын изилдөө үчүн, алгач ИТ (2.2.1)дин негизинде төмөнкүлөргө ээ болобуз:

$$(H\theta)(x,b) \equiv \int_0^x\int_0^b K(x,\tau,b,\nu)\theta^2(\tau,\nu)d\nu d\tau = F(x,b). \qquad (2.2.3)$$

Андан кийин, белгилүү функцияларга карата (2.2.2),(2.2.3) шарттары аткарылганын божомолдоп, муну менен бирге $H_0(x,b)$ диагоналдык-матрицалык функциясы бар экенине жол берип, төмөнкү шарттарга ээ болобуз (б.а. 2.1.1 леммасынын жыйынтыктары матрицалык жана вектордук функцияларга жалпыланат):

$$\begin{cases} H_0(x,b) \equiv G(x)F(x,b); G(x) \equiv \gamma + \dfrac{1}{\alpha}\lambda(x), \\ H_0(x,b) = diag(H_{01}(x,b),...,H_{0n}(x,b)), \\ H_{0i}(x,b) \equiv [\gamma + \dfrac{1}{\alpha}\lambda_i(x)]F_i(x,b), (i=\overline{1,n}; 1<\gamma = const), \\ 0<\lambda_0(x) = \min\limits_{1\le i\le n}\lambda_i(x) \in L^1(0,X); \phi(x) = \int\limits_0^x \lambda_0(\tau)d\tau, \end{cases}$$

$$\begin{cases} \min\limits_{1\le i\le n} F_i(x,b) = \tilde{F}(x,b) \ge \alpha > 0, \forall x \in [0,X]; F_0(x,y) \equiv F(x,y) - F(0,y), \\ F_0\big|_{x=0} = 0, \forall y \in [0,b]; \|F_0(x,y) - F_0(\tau,y)\| \le L_{F_0}|x-\tau|, \\ \|H_0(x,b)\| \le C_{03}h(x); \|G(x)\| \le C_{04}h(x), (h_0(x) \equiv \gamma + \dfrac{1}{\alpha}\lambda_0(x), \\ h \equiv h_0(x)\tilde{F}(x,b)); 0 < \max C_{0j} = \tilde{C}_1 = const, (j=\overline{1,4}), \\ C_1 = \max(1, \sqrt{n^m}\tilde{C}_1^k), (m=\overline{0,4}; k=\overline{1,6}), \\ \phi_0(x) = \int\limits_0^x h(\tau)d\tau = \int\limits_0^x [\gamma + \dfrac{1}{\alpha}\lambda_0(\tau)]\tilde{F}(\tau,b)d\tau. \end{cases} \qquad (2.2.4)$$

Ошондо, (2.2.1) системасына карата математикалык амалдарды жүргүзүп, төмөнкү формула менен берилген H_0 операторунун негизинде:

$$H_0\theta \equiv \int\limits_0^x H_0(\tau,b)\theta(\tau,y)d\tau, \qquad (*)$$

көрсөтүлгөн система эквиваленттүү түрдө төмөнкүчө өзгөртүлөт:

$$\begin{cases} \int\limits_0^x H_0(\tau,b)\theta(\tau,y)d\tau = (Q\theta)(x,y) + F(x,y), \\ Q\theta \equiv (\tilde{Q}\theta)(x,y) - (H\theta)(x,y);\ \tilde{Q}\theta \equiv \int\limits_0^x G(\tau)(Q_0\theta)(\tau,y)d\tau, \end{cases} \qquad (2.2.5)$$

мында:

$$\begin{cases} Q_0\theta = colon\{Q_{01}\theta,...,Q_{0n}\theta\}; Q_{0i}\theta \equiv \theta_i(x,y)(H_i\theta)(x,b), (i=\overline{1,n}), \\ (H\theta)(x,b) \equiv \int\limits_0^x\int\limits_0^b K(x,\tau,b,\nu)\theta^2(\tau,\nu)d\nu d\tau; \theta \in R^n. \end{cases}$$

(2.2.5) системасынан $H_0(x,b)$ матрицалык функциясы үчүн (2.2.4) негизинде $\lambda_i(x)$ жеке маанилери бар экени белгилүү, бирок: $0<\lambda_0(x) = \min\{\lambda_i(x) | i=1,..,n\}$.

Андан кийин, 1-ВИТ теориясында изилдөөнүн мүмкүн болгон методдорунун бири регуляризациялоочу алгоритмдер болгондуктан, биздин учурда (2.2.5) системасы 1-ВИТ тургандыктан, төмөнкү параметрленген системаны киргизебиз:

$$\begin{cases} \varepsilon\theta_\varepsilon(x,y) + (\Phi\theta_\varepsilon)(x,y) = F_\varepsilon(x,y), \\ (\Phi\theta_\varepsilon)(x,y) \equiv \int\limits_0^x H_0(\tau,b)\theta_\varepsilon(\tau,y)d\tau - (Q\theta_\varepsilon)(x,y), \end{cases} \qquad (2.2.6)$$

төмөнкү шартка жол берилген кичине параметр боюнча өзгөчөлүккө ээ:

$$\begin{cases} \theta_\varepsilon(0,y) = \dfrac{1}{\varepsilon}F(0,y), \\ C_n(\bar{D}_1) \ni F_\varepsilon(x,y) : \|F_\varepsilon(x,y) - F(x,y)\|_{C_n} \le \Delta_0(\varepsilon), (F_\varepsilon(0,y) = F(0,y)). \end{cases} \qquad (2.2.7)$$

Бул системанын чыгарылышын 2.1-параграфтагыдай эле асимптотикалык мүнөздөгү берүүнүн жардамы менен издейбиз:

$$\begin{cases}\theta_\varepsilon(x,y)=\dfrac{1}{\varepsilon}\Pi_\varepsilon(x,y)+\upsilon(x,y)+\xi_\varepsilon(x,y),\\ \Pi_\varepsilon(0,y)=F(0,y),\upsilon(0,y)=0,\xi_\varepsilon(0,y)=0,\end{cases} \tag{2.2.8}$$

мында аталган вектор-функциялар боюнча ИТтердин тиешелүү системаларын алабыз:

$$\Pi_\varepsilon(x,y)=-\frac{1}{\varepsilon}\int_0^x H_0(\tau,b)\Pi_\varepsilon(\tau,y)\,d\tau+F(0,y), \tag{2.2.9}$$

$$\int_0^x H_0(\tau,b)\upsilon(\tau,y)\,d\tau=(Q\upsilon)(x,y)+F_0(x,y),(F_0\equiv F(x,y)-F(0,y)), \tag{2.2.10}$$

